# 4. БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

Баалоо критерийлери калыптандыруучу баалоонун ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Калыптандыруучу баалоодо баалоо критерийлери бир тема же бөлүм боюнча иштелип чыгат, ал эми жыйынтыктоочу баалоодо алар кеңири колдонулат. Төмөндө математика жана мекен таануу сабактары боюнча критерийлерге мисалдар берилген:

1. *амалдарды, операцияларды туура тандоо;*
2. *эсептөөлөрдүн тууралыгы (эгерде эсептөө билгичтиги текшерилсе);*
3. *туура жазуу, берилген маалыматты туура көчүрүү (сандарды, белгилерди, чоңдуктарды, маанилерди;*
4. *математикалык мисалда амалдардын иретинин жазуу түрүндө болушу;*
5. *санды топтук кошулуучулардын суммасы түрүндө берүү;*
6. *чоңдукту бир өлчөө бирдигинен башка өлчөө бирдиктерине айландырууну ишке ашыруу;*
7. *пайдалуу кен байлыктардын түрлөрүн аныктоо, алардын касиеттерин айырмалоо;*
8. *жаратылышка байкоо жүргүзүү, байкоо жүргүзүүнүн натыйжасын айтып берүү;*
9. *адамды курчап турган нерселерди сүрөттөө, алардын формасын, чоңдугун аныктоо;*
10. *Кыргызстандын дарыяларын жана көлдөрүн картадан табуу жана көрсөтүү;*
11. *суунун жана абанын кээ бир касиеттерин жөнөкөй тажрыйбалар аркылуу аныктоо.*

---

Эгерде окуучу баалоонун критерийлерин түшүнүп жана айта алса, бул П. Блек менен Д. Уильям «окуучулардын **өз окуу процессине активдүү катышуусу**» деп атаган калыптандыруучу баалоонун компонентинин иштей баштагын билдирет деп белгиленген.

---

Окуучулардын иштерин баалоо айтылган баалоо критерийлеринин негизинде гана бааланат. Эгерде мугалим критерийде белгиленбеген каталарды же кемчиликтерди тапса, анда ал окуучуга бул катага (каталарга) көңүл бур деп кеңеш бериши керек, бирок бул ката же каталар калыптандыруучу баалоодо баага таасир этпейт. Мисалы, 4-класста мекен таануу сабагында текшерүү ишин (эссе) өткөрөөрдүн алдында мугалим төмөнкү критерийлерди айтты:

1. *өз туулган жери жөнүндө түзүлгөн аңгеме 6 сүйлөмдөн кем болбошу керек;*
2. *аңгемеде шаарлардын, дарыялардын жана көлдөрдүн аталыштары колдонулушу керек;*
3. *аңгемеде жашап жаткан шаардын же айылдын кызыктуу, атактуу жерлери аталып, жазылышы керек.*

Мугалим текшерүүдөн кийин баалоо критерийлерине карата жетишилген натыйжаларга жана башка каталарга төмөнкүдөй токтолду:

*«Азаматсың, сенин аңгемең 10 сүйлөмдөн түзүлүптүр, сен өз туулган жериңди көркөмдүү сүрөттөп жазыптырсың, дарыялардын, көлдөрдүн аталыштарын кошуптурсуң. Сенин туулган жериң эмнеси менен кызыктуу, белгилүү? Аңгемени толуктап жаз.*

*P. S. Энчилүү аттардын жазылышына көңүл бур».*

Бул мисал мугалим ишти текшерүүдө баалоо критерийлерине таянганын көрсөтүп жатат, адегенде эмнелер ишке ашканын айтты, андан кийин окуучунун көйгөйүнө көңүл бурду, ал эми акырында критерийлерге камтылбаган нерселерге токтолуп, аны жоюу үчүн кеңеш берди.

- Окуучулар курстун кайсы бөлүктөрүн кыйла маанилүү деп эсептешет?
- Мен бул курсту эмки жолу өткөндө аны кантип өзгөртө алам?
- Окуучуларга кандай бааларды коюу керек?

Баалоо окуучуларга болсо башка суроолорго жооп берет:

- Мугалим кыйла маанилүү деп эсептеген нерсени мен билемби?
- Мен курстун материалын өздөштүрдүмбү?
- Мен өзүмдүн окуп-үйрөнүү ыкмаларымды кантип жакшырта алам?
- Бул курс үчүн мен кандай баа алам?

**Булардын бардыгы класста ички баалоону окуу процессин өнүктүрүүнүн каражаты кылат.**

**1.7. ТМ**

## Аныктамалар

***Баалоо – бул окутуунун натыйжасында окуучулар эмнени билип, эмнени түшүнө тургандыгын жана алар бул билими менен түшүнүгүн кандай колдоно тургандыгын терең аңдап-түшүнүү үчүн ар түрдүү булактардан маалыматтарды чогултуу жана талдоо процесси.***
*Томас А. Анджело, К.Патрисия Кросс. Класста баалоонун техникалары: Колеждердин окуучулары үчүн колдонмо. 2-басылышы. Джосси-Басс, 1993.*

**Баалоо** – бул окутуудагы жетишкендиктерди ченеп-өлчөөчү жана андагы проблемаларды диагноздоочу, кайтарым байланышты жүргүзүүчү, билим берүү процессинин катышуучуларын (класстын окуучуларын, мугалимдерди, ата-энелерди жана мамлекетти) билим берүүнүн абалы, проблемалары жана ийгиликтери жөнүндө кабардар кылуучу негизги каражат. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо системасы – бул берүү программаларын өздөштүрүүнүнсапатын (окуучулардын пландалган билим берүү натыйжаларына жетишүүсүн) баалоо, билим берүү процессинин маанилүү элементи.

**Баалоо** – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү процесси, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу тууралуу маалыматты жазуу, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа берүү** – бул баалоо процессинин натыйжасы, баалоо боюнча ишмердик же иш-аракет, сапаттуу кайтарым байланыш маалыматы.

**Белги** – бул символ, окуучулардын окуу жетишкендиктерин цифралар, тамгалар же башкача түрдө формалдуу-шарттуу, сан менен чагылдыруу.

***Сумммативдик баалоонун максаты*** - окуучулардын белгилүү мезгилдин аралыгында билимди өздөштүрүүнүн жана билгичтиктер менен компетенттүүлүктүн (камылгалуулуктун) калыптангандыгынын деңгээлин аныктоо жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкештигин аныктоо.

**1.9. ТМ**

## Көнүгүү: Баалоонун түрлөрүн аныктагыла[5]

| Баалоонун мисалдары | Түрү |
|---|---|
| 1. Мугалим жыл аягында экзамен алат. | |
| 2. Мугалим топтогу окуучулар тапшырманы туура түшүнгөндүгүн билүү үчүн алардын ишине байкоо жүргүзөт жана зарыл болсо жардам берет. | |
| 3. Окуучулар баалоо критерийлерине таянып, өздөрүнүн ишин өздөрү баалап, аларды талкуулагандан кийин мугалимге тапшырышат. | |
| 4. Мугалим дилбаян үчүн окуучуларга баа коюп, жуманын аягында аны окуучуларга кайтарып берет. | |
| 5. Окуучулар жазуу тапшырмасын аткарып жатканда мугалим класста басып, ар бир окуучунун иши боюнча өзүнүн эскертүүсүн айтып турат. Акыркы баа эч кимге коюлбайт. | |
| 6. Бардык аткарылган тапшырмалар үчүн баалар эсептелип, окуучуга бир гана жыйынтыктоочу баа коюлат. | |
| 7. Мугалимжаңы теманы окуп-үйрөнүүнү башталышында тест жүргүзөт, алынган баалар журналга коюлбайт. | |
| 8. Мугалим предмет боюнча баа коюнун ордуна өзүнүн жазуу жумушун аткарууда кандай стратегияны колдонушу керектигин ар бир окуучуга түшүндүрүп айтып берет. | |
| 9. Мугалим элл жазуучусу Ч.Айтматовдун өмүрү тууралуу доклад даярдоонун жүрүшүн окуучу менен талкуулайт. | |
| 10. Мугалим окуучулар алгебралык теңдемени чыгарууну үйрөнгөндүгүн текшерүү үчүн алардын дептерлерин карап чыгат. Ал көптөгөн окуучулар теманы түшүнбөгөндүгүн көрүп, аны окуучуларга дагы бир ирет түшүндүрүп берүү чечимине келип, аларга эч кандай баа койбойт. | |
| 11. Окуучулар өздөрүнүн тесттик жумуштарын тесттин ачкычы боюнча текшерип баа коюшат да, аларды мугалимге кайтарып беришет. Ал баалоонун натыйжаларына негизденип, кийинки жумага окутуунун максаттарын аныктайт. | |
| 12. Мугалим окуучунун кыргыз тилинде окуу жөндөмүн оозеки баалап, ага бул үчүн баа коёт. | |
| 13. Мугалим этиштин түрлөрүн колдонууну түшүндүрүп берип, бирок класстагы окуучулардын түрүнөн аны түшүнбөгөнүн баамдайт. Ал бул теманы дагы натыйжалуу түшүндүрүүнүн ыкмасын ойлонуп тапкандан кийин кийинки сабакта дагы бир жолу түшүндүрүп берүүчечимине келет. | |
| 14. Мугалим окуучунун дилбаянынын жумушчу вариантын (долбоорун) окуп чыгып, өзүнүн сын пикирин жазып, аны дагы да толуктап иштеп чыгуу үчүн окуучуга кайтарып берет. | |

[5] **Башталгыч мектептеги формативдик баалоо.** Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо/ Түзүүчүлөр: О.И.Дудкина, А.А.Буркитова, Р.Х.Шакиров. – Б.: «Билим», 2012. – 89 б.

Окуучулар окуу ишмердигинин процессинде сапаттуу натыйжаларга жетишүүсү үчүн учурдагы баалоо төмөндөгүдөй болушу керек:

- Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү;
- Ийкемдүү;
- Ченеп-өлчөөчү көп каражаттуу;
- Психологиялык жактан ыңгайлуу;
- Көп курамдуу.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин натыйжалуу баалоо максатында мугалим баалоонун ар түрдүү каражаттарын (диагностикалык, формативдик жана сумммативдик баалоо) билгичтик менен пайдаланышы керек.

**1.8. ТМ**

## Баалоонун түрлөрү: диагностикалык, формативдик жана сумммативдик баалоо[4]

**Диагностикалык (аныктоочу) баалоо** – окуучунун компетенцияларынын калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо, адатта, окуу жылынын башында же теманы, бөлүмдү, главаны окуп-үйрөнүүнүн башталышындагы биринчи сабакта жүргүзүлөт.

***Диагностикалык баалоонун максаты*** – окутуунун максаттарына карата алганда окуучулардын программалык теманы же главаны, предмет боюнча курсту окуп-үйрөнүүнүн башында кайсыл жерде тургандыгы жөнүндө маалымат алуу.

**Формативдик (калыптандыруучу) баалоо** –окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө максаттуу үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. Формативдик баалоо формалдуу эмес (көбүнчө баа коюлбаган) баалоо болуп саналат. Ал баалоону критерийлерге ылайык жүргүзүүгө негизделип, кайтарым байланыштын болушун талап кылат.

***Формативдик баалоонун максаты*** –окуу процессинде мугалимдин жана окуучулардын ишмердигине түзөтүү киргизүү. Формативдик баалоо мугалимге окуучулардын окуп-үйрөнүү максаттарына карата илгерилөө процессинин алгачкы этаптарында көзөмөлдүк жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп, ага окуу процессине түзөтүүлөр киргизүүгө, ал эми окуучуга өзүнүн билим алуусу үчүн жогорку даражадагы жоопкерчилигин сезе билүүсүнө жардам берет.

**Сумммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо** - теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп-үйрөнүүнү аяктоодо, билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптангандыгынын деңгээлин аныктоого арналат. Сумммативдик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн (тест, контролдук иш, лабораториялык иш, изилдөө иши, дилбаян, эссе, долбоор, оозеки презентация ж.б.) аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп саналат.

---

[4] Алкактык Улуттук Куррикулумдун материалдары боюнча, 2009

**Баалоо критерийлерин мугалим алдын ала даярдап коюшу керек, зарыл учурларда аларды окуучулар менен биргеликте иштеп чыкса болот.** Мисалы, текшерүү ишин аткараардын алдында мугалим окуучуларды жуптарда же кичи топтордо баалоо критерийлерин талкуулап чыккыла деген тапшырма берет. Айтылган критерийлердин арасынан мугалим окуучулар менен биргеликте артыкчылыгы бар критерийлерди тандайт. Мугалим критерийлерди окуучулар менен талкуулап, түшүндүрүшү маанилүү, анткени окуучулар ишти текшерүүгө тандалып алынган критерийлерди түшүнбөй калган учурлардан алыс болуу керек. Критерийлердин мазмуну түшүнүктүү жана жеткиликтүү тил менен баяндалып, окуучуларга көргөзмөлүү (тактага же плакатта жазылып) берилиши керек.

Баалоо критерийлери баалоонун бардык: диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрүндө иштелип чыгат жана колдонулат. *Мисалы: дилбаянды жазаардын алдында мугалим окуучуларга төмөнкү баалоо критерийлерин берет:*

- *мазмун дилбаяндын темасына ылайык келиши керек;*
- *үчтөн кем эмес цитатаны колдонуу;*
- *көркөм-сүрөттөө каражаттарын колдонуу,(метафораларды, салыштырууларды);*
- *тыныш белгилерин коюу эрежелерин сактоо;*
- *корутунду болуш керек;*
- *кошумча булактардан маалыматты колдонуу.*

Жыйынтыктоочу баалоодо баалоо критерийлери окуучулардын көңүлүн окуунун натыйжаларына бурууга жардам берет. Окуучулардын иштерин текшерүүдө мугалим алардын бардык жетишкендиктерин баалайт жана айтылган критерийлерге карата бардык кейгейлөрдү белгилейт. Мугалим иштерди текшерүүнүн натыйжасы боюнча окуучуларга өзүнүн сунуштарын (кайтарым байланыш) бериши керек. Кээ бир учурларда мугалим окуучуларга ишти жакшыртууга берип, андан кийин гана баа койсо болот.

Төмөндө сабактардын кыскартылган фрагменттери берилген, алардын алкагында иштерди текшерүү үчүн баалоо критерийлери колдонулган.

*Предмет:* Математика. *Класс:* 4

*Тема:* Кыймылдын ылдамдыгы.

*Сабактын билим берүүчүлүк максаты:* Окуучулар:

- формуланы колдонуп, ылдамдыкка, кыймылга маселелерди чыгара алышат;
- кыймылдын ылдамдыгын эсептеп чыгаруу формуласынын жардамы менен убакыт менен аралыкты эсептеп чыгууга маселелерди чыгара алышат.

Мугалим жаңы теманы жана сабактын максатын айтат. Жаңы тема түшүндүрүлгөндөн кийин бышыктоо баскычында окуучулар кыймылдын ылдамдыгын эсептеп чыгууга маселелерди чыгарышат. Андан кийин мугалим текшерүү ишин өткөрөт, анда окуучуларга кыймылдын ылдамдыгын табууга эки маселе чыгарууга сунушталат. Мугалим текшерүү ишти аткараардын алдында мурда тактага илинген баалоо критерийлерине көңүл бургула дейт:

- *кыймылдын ылдамдыгын эсептеп чыгуу формуласын туура колдонуу;*
- *кыймылдын ылдамдыгы белгилүү болгондо аралыкты эсептеп чыгуу;*
- *эсептөөлөр туура аткарылышы керек.*